УДК 591.52423
DOI 10.58649/1694-9099-2025-4-537-541

**ИМАНАЛИЕВ Т.И., САГЫМБАЕВ С.С.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
КР УИА
**ИМАНАЛИЕВ Т.И.[1], САГЫМБАЕВ С.С.**
КНУ имени Жусупа Баласагына[1],
НАН КР[2]
**IMANALIEV T.I., SAGYMBAEV S.S.**
KNU Jusup Balasagyn,
NAS KR

# СУУ БҮРКҮТТӨРДҮН ЫСЫК-КӨЛДӨ КЫШТООСУ

## ЗИМОВКА ОРЛАН-БЕЛОХВОСТОВ В ОЗЕРЕ ИССЫК-КУЛЬ

## WINTERING OF THE WHITE-TAILED EAGLE IN LAKE ISSYK-KUL

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Ысык-Көл коругуна көп жалдардан бери суу бүркүттөрү кыш мезгилинде кыштоого гана учуп келери белгиленди, себеби кыштоого көпчүлүк сууда сүзүүчү куштар көп санда учуп келишет. Суу бүркүттөрдүн Ысык-Көлдө негизги тамагын сууда сүзүүчү куштар түзөрү да бул макалада көрсөтүлгөн. Ысык-Көлдүн жээгинде сууда сүзүүчү куштардын топтолгон жерлери корукка берилген. Ал жерлер көлдүн батыш жана чыгыш бөлүгү негизги орнитологиялык аймак (НОА) болуп саналат. Авторлор Ысык-Көлдө 1982-жылдан 2023-жылдын аралыгында такай жүргүзүлгөн санактын натыйжасында макала жазылды.

**Аннотация:** В статье отмечено что уже много лет орлан-белохвосты прилетают в Иссык-Кульский заповедник только на зимовку, поскольку многие водоплавающие птицы прилетают на зимовку в больших количествах. В данной статье также показано, что основной пищей орлан-белохвостов на Иссык-Куле являются водоплавающие птицы. Места скопления водоплавающих птиц на берегу озера Иссык-Куль отнесены к заповеднику. Западная и восточная части озера являются основной орнитологической территорией (ООТ). Статья написана на основе постоянно проводимого подсчета птиц в озере Иссык-Куль в период с 1982 по 2023 год.

**Abstract:** The article notes that for many years now, white-tailed eagles have been flying to the Issyk-Kul Nature Reserve only in winter for wintering, since many waterfowl arrive for wintering in large numbers. This article also shows that the main food of white-tailed eagles in Issyk-Kul is waterfowl. Places where waterfowl gather on the shore of lake Issyk-Kul are classified as part of the reserve. The western and eastern parts of the lake are the main ornithological territory (MOT). The authors wrote the article based on the ongoing bird count in lake Issyk-Kul from 1982 to 2023.

**Негизги сөздөр:** суу бүркүт; корук; кыштоо; жырткыч; өрдөк; көл; Кызыл китеб.
**Ключевые слова:** орлан-белохвост; заповедник; зимовка; хищник; утка; озеро; Красная книга.
**Keywords:** white-tailed eagle; reserve; wintering; predator; duck; lake; Red book.

Ысык-Көл мамлекеттик коругунун негизги максаты кышкысын кыштоого келген куштардын кыштоочу жана тынығуу жайы катары 1948-ж уюштурулган. Коруктун алгачкы абалы көл айланасынын 2 км. аралыгынын жээктери корук деп аталып, бирок мыйзамдын негизинде корукка тиешелүү жерлер берилген эмес. Чындыгында, бул корук деп аталган жерлер атайын коруктун фондусуна бөлүнбөстөн, чарбалык максатта колхоз, совхоздордун, токой, аңчылык чарбалар, эс алуучу жайлары катары пайдаланган.

Азыркы учурда б.а. 1976-жылдан баштап Ысык-Көл коругуна жалпысынан 19640,5 га анын ичинде 2908,5 га кургак жерлер, 16732 га суу бети ээлейт.

Ысык-Көл көлүнүн батыш жана чыгыш тараптары негизги орнитологиялык аймагы, себеби бул жерлер сууда сүзүүчү куштардын топтолгон жайы.

Корук жерлерге көлдүн батыш тарабындагы суда сүзүүчү куштар үчүн

ыңгайлуу Тору-Айгыр, Балыкчы, Ак-Өлөн, Оттук, Ак-Булуң аралчалары көлдүн чыгыш тарабында Кутургу, Тюп, Жыргалаң, Ой-Тал, Жети Өгүз, Кызыл-Суу куймалары корукка кирген. Кыскача айтканда сууда сүзүүчү куштар үчүн ыңгайлуу жерлердин бөлүгүн түзөт. 2000-жылы «Ысык-Көл» биосфералык аймагы түзүлгөндөн бери жалпы жаратылышыбыз, анын ичинде жапайы жаныбарларды коргоо боюнча, жалпы жаратылышты коргоодогу жергиликтүү өзгөчөлүктү эске алуу менен көңүл бурууда.

Биосфералык аймак деп аталышы, бул жерде жаратылыш баштапкы абалда кандай болсо, ошол бойдон калууга тийиш.

Материалдар жана санак ыкмалары.

Байкоо иштери Ысык-Көлдө көл жээгинде кыш мезгилинде январь айларында жалпы сууда сүзүүчү жана суу боюндагы куштарды эсепке алуу менен жүргүзүлөт.

Куштарды саноодо 10 эсе даражадагы дүрбү, алысты көрүүчү 60 эсе даражадагы оптикалар пайдаланылат. Айрым учурларда жээктен өтө алыс жайгашкан куштарды эсепке алуу максатында маторлуу кайыктар колдонулат.

Бүркүттөрдүн жеген тамагын изилдөөдө, алардын эс алып отурган жерлеринен, жеген тамактарынын калдыктарын (коесу жэ кусундусун) жыйноо менен жүргүзүлөт. Куштардын коесунда жеген тамактардын калдыктарында сиңбей калган куштун жүндөрү, сөөктөрү калат. Мына ошол калдыктарын аныктоо менен жеген тамактарын билүүгө болот.

Суу бүркүттөрдүн Ысык-Көлгө кыштого учуп келүү мезгилдери.

Ысык-Көлгө кыштоого суу бүркүттөрдүн эки түрү ак куйруктуу суу бүркүтү Haliaeetus albicilla, узун куйруктуу суу бүркүтү Haliaeetus leucoryphus кыштоого учуп келишет. Алардын ичинен ак куйруктуу суу бүркүтү көп санда кыштайт, узун куйруктуу суу бүркүтү айрым учурларда гана кездешет. Аны 2021-жылы 19-январдя Ысык-Көлдө кышкы куштарды саноо учурунда, көлдүн батыш тарабында Оттук, Ак-Өлөң корук бөлүктөрүндө 13.30 талаадан көлдүү көздөй учуп бараткaны байкалган. Узун куйруктуу суу бүркүтү, ак куйруктуу суу бүркүттөн бир аз кичине, сымбаттуу, узун куйругу менен айырмаланат. Узун куйруктуу суу бүркүтү таралу адабияттарда маалымат аз. Сейрек кездешкендиктен 2007-жылы Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген.

Суу бүркүттөр (Haliaeetus albicilla) Ысык-Көлгө кышкысын кыштоого, сууда сүзүүчү куштар көп топтолгон жерлерге, өзгөчө көлдүн батыш тарабындагы корукка берилген Тору-Айгыр, Балыкчы, Ак Өлөн, Оттук, Ак Булуң, көлдүн чыгыш тарабындагы Кара Булуң, Жети Өгүз, Жыргалаң, Түп куймаларындагы Ой-Тал, Кутургу аймактарында кездешет.

Суу бүркүттөрдүн Ысык-Көлгө учуп келүү мезгили анын өзгөчө тамагы болгон сууда сүзүүчү куштардын кашкалдактар (Fulica atra) жана кызыл тумшук чумкуч өрдөктөрдүн (Netta rufina) учуп келүү маалына туура келет. Суу бүркүттөрдүн көлгө учуп келүү мезгили башталышы октябрь айынын аягында, ноябрь айларында учуп келишет да, кыштап, март айларынын аягында учуп кетишет. Биздин байкообуз боюнча кыштоого биринчилерден болуп, октябрь айларында жаш суу бүркүттөрү учуп келээри белгилүү болду.

Суу бүркүттөрүнө көп жылдык байкоолордун, кышкы санак жүргүзүүнүн натыйжасында №1–таблицада көрсөтүлгөндөй акыркы жылдары Ысык-көлгө келген кызыл тумшук чумкуч өрдөктөрдүн сан жагынан азайгандыгы, тескеринче кашкалдактардын көбөйгөндүгү көрүнүп турат.

**Таблица 1. Ысык-Көлдө 1982-2021-жылдары кыштаган сууда сүзүүчү куштар жана сүү бүркүттөрдүн саны**


| Түрлөр / Жылдар | Суу бүркүтү *Haliaeetus albicilla* | Кашкалдак *Fulica atra* | Кызыл тумшук чумкуч өрдөк *(Netta rufina)* |
|---|---|---|---|
| 1982 | 18 | 7247 | 16184 |
| 1983 | 17 | 6300 | 18142 |
| 1984 | 9 | 13490 | 22365 |
| 1989 | 12 | 28430 | 27533 |
| 1990 | 9 | 14426 | 31797 |
| 1991 | 12 | 31082 | 21056 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1992 | 11 | 25097 | 29222 |
| 1995 | 8 | 24879 | 21143 |
| 1998 | 37 | 15923 | 10552 |
| 1999 | 37 | 33660 | 30677 |
| 2000 | 25 | 50516 | 10708 |
| 2001 | 18 | 20240 | 10014 |
| 2002 | 27 | 47316 | 12012 |
| 2003 | 11 | 38254 | 8632 |
| 2004 | 21 | 35997 | 9775 |
| 2005 | 9 | 29704 | 3052 |
| 2006 | 15 | 32651 | 6698 |
| 2007 | 8 | 27884 | 5383 |
| 2008 | 8 | 31752 | 4530 |
| 2009 | 20 | 45374 | 27683 |
| 2010 | 7 | 24884 | 8360 |
| 2011 | 21 | 56406 | 8386 |
| 2012 | 9 | 27973 | 4179 |
| 2013 | 13 | 29256 | 2236 |
| 2014 | 10 | 29734 | 6362 |
| 2015 | 8 | 40708 | 7837 |
| 2016 | 4 | 11179 | 30731 |
| 2017 | 7 | 59067 | 10686 |
| 2018 | 6 | 13804 | 8155 |
| 2019 | 14 | 54392 | 5689 |
| 2020 | 17 | 38636 | 2339 |
| 2021 | 19 | 40183 | 5293 |

Суу бүркүттөр туралу Ф.Ф. Пятков (1957-ж.) берген маалыматы боюнча суу бүркүттөрдүн негизги тамагы болуп кызыл тумшук чумкуч өрдөктөр жана аз санда кашкалдактар экендигин баса белгилеген, анын 1944-1946-жылдардагы байкоолорунда кашкалдактардын саны 5500 даана, ал эми кызыл тумшук чумкуч өрдөктөрдүн саны 26300 дааналы түзгөн. [6] Мындан, Ысык-Көлгө кыш мезгилинде кыштоого учуп келген суу бүркүттөрдүн сууда сүзүүчү куштарга тийгизген таасири туралу Пятковдун (1957-ж.) эсептөөсү боюнча болжолу менен кыштоо мезгилинде 21 даана суу бүркүттөр 200гө жакын өрдөктөрдү жээрин белгилеген, себеби ал жылдары сууда сүзүүчү куштардын Ысык-Көлгө учуп келип кыштоочу саны 100 миңдей болсо, азыркы мезгилде, сууда сүзүүчү куштардын жалпы саны 60-65 миң даана.

Биздин 1982-2021-жылдардагы байкоолору боюнча, кышкы санактардын негизинде кашкалдактардын санынын өсүүшү, ал эми кызыл тумшук чумкуч өрдөктөрдүн сан жагынан азайгандыгы байкалууда. №2-таблицада көрсөтүлгөндөй суу бүркүттөрдүн негизги тамагын кашкалдактар 79,4% түзүп, кызыл тумшук чумкуч өрдөктөр 8,2% түзгөнү көрүнүп турат. Мындан биздин байкоолорубуздан балык менен тамактануусу белгиленген жок, себеби кийинки 10 жылдын аралыгында балыктын саны Ысык-Көлдө аныкталбастан, кескин азайганы менен түшүндүрүлөт.





**1-сүрөт. Суу бүркүтү (Haliaeetus albicilla)**
**Сүрөтүн тарткан Сагымбаев С.С.**

Суу бүркүттөрдүн Ысык-Көлдө кыштоосу жана орнитофаунага тийгизген таасирин, ошондой эле биоценоздогу мааниси, алардын тамагына-жемине болгон жаныбарларга байланыштуу экендиги белгилүү.

Биздин байкоолорубуз боюнча суу бүркүттөр айрым учурларда жарадар же начар, оорулуу жакшы уча албаган куштарды жейт. Көбүнчө көп санда кездешкен кашкалдактар, кызыл тумшук чумкуч өрдөктөр менен тамактанышат (№1-таблица).

Суу бүркүттөрдүн аңчылык чаабуулуна бир нече ирет байкообузда, көпчүлүк учурларда ал суудa сүзүүчү куштардын топтолгон жерлеринде бүркүт жана өрдөктөр жанаша отурганын көрүүгө болот, кыясы өрдөктөр анын ачка же ток мезгилдерин сезе биле керек. Бирок бир мезгилде суу бүркүт абага көтөрүлүп, кашкалдактар топтолгон үйүрдү көздөй учканда, кашкалдактар үйүргө чогулушуп, тыгыз бекем топтолушун, чалкасынан жатышып, буттары менен сууну бийик бүркүткө бүркүп чачышып, тоскоолдук кылуу менен каршылык көрсөтүп коргонушат. Мындай учурда суу бийик чачырап, бүркүт жемин алалбайт. Бүркүттүн 8-9 минуталык чабуулунан кийин, топтон жалгыздап калган кашкалдакты кармап, жээке алык барып жей баштайт. Мындай көрүнүштөрдү ар күн сайын байкоого болот.

№2 таблицада көрсөтүлгөндөй суу бүркүттөр, айрым учурларда башка куштарга да аңчылык кылып, алсак аңыр, кайырма өрдөк, арам өрдөктөр, жаш начарланган ак кууларга, кээде кургак талааларга чейин учуп жүрүп, майда сүт эмүүчүлөргө да аңчылык кылганын байкоого болот.

Суу бүркүттөр Ысык-Көлдө кыштоо мезгилинин аягында март айларында көбөйүү учурундагыңдай, күүгө келип, экиден учуп, жупташып, кагалгып кыйкырышып учканын, Тору Айгыр корук бөлүгүндө, 2000 – 2002-жылдары Ананьево айылынын көл жээгинде экиден айланып учканы белгиленген. Андай учурлар көбүнчө март айларында учуп кетүү мезгилинде байкоого болот.

**2-таблица. Ак куйруктуу суу бүркүттүн жеген тамагы**

| | Жемдин түрлөрү | Жемдеги табылган маны | Жалпы, % |
|---|---|---|---|
| | Кашкалдак - *Fulica atra* | 58 | 79,4 |
| | Кызыл тумшук чумкуч өрдөк - *Netta rufina* | 6 | 8,2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Кичине арам өрдөк – *Tachybaptus ruficollis* | 2 | 2,7 |
| | Аныр – *Tadorna ferruqinea* | 1 | 1,3 |
| | Кайырма өрдөк – *Anas platyrhynchos* | 1 | 1,3 |
| | Кара таркылдак – *Turdus merula* | 1 | 1,3 |
| | Ондатра – *Ondatra zibethicus* | 2 | 2,7 |
| | Момолой чычкан – *Microtus arvalis* | 1 | 1,3 |
| | Кум чычкан – *Meriones tamariscinus* | 1 | 1,3 |
| | **73** | **99,5** | |

Кыштоого учуп келген суу бүркүттөр көпчүлүк учурларда суда сүзүүчү куштар (өрдөктөр) менен тамактангандыктан бир кыйла зыян келтиргени байкалат. Бирок алар аз санда кыштоого гана учуп келишкендиктен, Кыргыз республикасынын Кызыл китебине (2007) киргизилгендиктен коргоолууга тийиш.

Жырткыч куштардын орнитофаунага тийгизген таасири, ошондой эле биоценоздогу мааниси аларга ылайыктуу жерлердин болушу, эң негизгиси жеми (тамагына) жараша болору белгилүү.

Бул маселе жаратылышта жырткыч куштардын маанисине туура баа берүүдө турат. Негизинен кишилер жана жырткыч куштардын ортосундагы өз ара түшүнбөстүктөр бар десек болот. Кийинки мезгилде айрым жырткыч куштардын сан жагынан зайып, аларга болгон мамилелердин өзгөргөнүн байкоого болот. Мурда 1950-1960-жылдары көпчүлүк жырткыч куштарды (карчыга, саз кулаалысы, кыргый, жаман сарылар, айрым бүркүттөрдү) мергенчилик чарбаларга зыян келтирет деген максатта куугунтуктоого алынып, атуу, капкан салуу менен жок кылышкан.

Бул көйгөй жаратылышта жырткыч куштардын маанисине туура баа берүү керек. Суу бүркүттөрү аз санда кездешкендиктен Кыргызстандын Кызыл китебине киргендиктен (2007) коргоого алынган.

**Колдонулган адабияттар**

1. Деменчук Г.А. Хищные птицы Иссык-Кульской котловины, применяемые в качестве ловчих //Т руды Иссык-Кульского заповедника. – Фрунзе, 1976, с. 70-85.

2. Касыбеков Э.Ш. Иллюстрированный определитель представителей отрядов ястребообразных *Accepitriformes* и соколообразных *Falconiformes*. – Бишкек, 2014, с. 1-122.

3. Кулагин С.В., Сагымбаев С.С. Результаты учета птиц на оз. Иссык-Куль в марте 2004 г. // Seltvinia-2004. – Алматы, 2005, с. 223-225.

4. Кулагин С.В., Тротченко Н., Сагымбаев С.С. Ключевые орнитологические территории. – Бишкек, 2019.

5. Красная книга Кыргызской Республики. – Бишкек, 2007, 542 с.

6. Пятков ФФ. Зимовка водоплавающих птиц. – Фрунзе, 1957.

7. Торопова В.И., Кулагин С.В. Третий систематический список птиц Кыргызстана // Seltvinia-2006. – Алматы, 2007, с. 44-54.

8. Птицы Киргизии / А.И. Янушевич, П.С. Тюрин, И.Д. Яковлева, А.К. Кыдыралиев [и др.]. Т 1, Фрунзе, 1959, с. 65-100.

**Рецензент: д-р. биол. наук, профессор Карабекова Д.У.**